УДК: 37.013.42

*Элебесова А. Б., пед. илимд. канд.*
*aigulbeishenakun@gmail.com*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*Кыргызстан*

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН «ТҮРК ДҮЙНӨСҮ: МЕН — ИЗИЛДӨӨЧҮМҮН!» ДОЛБООРДУК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Макалада Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин түрк тилдүү мамлекеттердин окуучуларынын жана мугалимдеринин «Түрк дүйнөсү» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияларына катышуусу аркылуу өспүрүмдөрдү жана жаштарды башка элдердин өкүлдөрү менен баарлашуу маданиятына тарбиялоо, мекенчилдикке тарбиялоо, долбоордук илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу сыпатталып баяндалган.*

*Долбоордук ишмердүүлүк долбоорду же моделди түзүүнүн тажрыйбалык иш билгиликтерин (компетенттүүлүктөрүн) калыптандырууну, аларды социалдык чөйрөгө киргизүүнү, керектүү маалыматтарды табууну, өнөктөштөр менен кызматташууну, жетекчилик кылууну, кырдаалдын мониторингин жүргүзүүнү, тобокелчиликтерди тастыктоону, милдеттерди чечүүнүн оптималдуу жолдорун жана каражаттарын тандоону шарттайт.*

*Окуучулардын жана студенттердин илимий багыттагы изилдөө иштерин жүргүзүү жана алардан алынган натыйжалар боюнча туура жыйынтык чыгарууга көнүгүү процесси өсүп жетилип келе жаткан өспүрүмдөрдү — окуучуну жана студентти – өзгөчө кызыктырган проблема боюнча булактарга таянуу менен өзүнүн илимий негиздеги таанып-билүүсүн жана ой жүгүртүүсүн логикалуу ырааттуулукта бекемдей билүүгө үйрөтөт, өз оюн башкаларга угуза билүүгө, жеткиликтүү түшүндүрүп айтып бере билүүгө, илимий диалог жүргүзүүгө шыктандырат жана көнүктүрөт, изилдөө ишинин оптималдуу алгоритмин түзө билүүгө көнүктүрөт.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *тарыхый-маданий мурастар, «Түрк дүйнөсү», патриоттук тарбияны өнүктүрүү, маданияттар диалогу, изилдөө көндүмдөрү.*

*Элебесова А. Б., канд. пед. наук*
*aigulbeishenakun@gmail.com*
*Кыргызская академия образования,*
*Кыргызстан*

# ПРОЕКТНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ШКОЛЬНИКОВ «ТЮРКСКИЙ МИР: Я − ИССЛЕДОВАТЕЛЬ!»

В статье *описывается воспитание у подростков и молодёжи культуры общения с представителями других народов, воспитание патриотизма, привитие навыков исследовательской работы через участие кыргызстанских учащихся и учителей общеобразовательных организаций (школ, гимназий, лицеев), а также учащихся и учителей тюркоязычных старн в международных научно-практических конференциях «Тюркский мир».*

*Проектная деятельность требует формирования практических навыков (компетенций) создания проекта или модели, внедрения их в социальную среду, поиска необходимой информации, сотрудничества с партнёрами, лидерства, мониторинга ситуации, подтверждения рисков, выбора оптимальных путей и средств решения задач.*

*Процесс проведения научного исследования и получения правильных выводов на основе полученных учащимися и студентами результатов учит подростков уметь укреплять свои*

*научные знания и мышление в логической последовательности, опираясь на источники по интересующей учащегося проблеме и студента, вдохновляет и приучает слушать других, уметь доступно объяснять, вести научный диалог, создавать оптимальный алгоритм исследовательской работы.*

***Ключевые слова:*** *историко-культурное наследие, «Тюркский мир», развитие патриотического воспитания, диалог культур, навыки исследовательской работы.*

*Elebesova A. B., candidate of pedagogical sciences.*
*Kyrgyz Academy of Education, aigulbeishenakun@gmail.com,*
*Kyrgyzstan*

## «TURKIC WORLD: I AM A RESEARCHER!» — PROJECT ACTIVITY OF SCHOOLCHILDREN

*The article describes the education of adolescents and youth of a culture of communication with representatives of other peoples, the education of patriotism, the inculcation of research skills through the participation of Kyrgyz students and teachers of educational organizations (schools, gymnasiums, lyceums) in the «Turkic World» International Scientific and Practical Conferences of students and teachers of Turkish speaking countries.*

*Project activity requires the formation of practical skills (competences) for creating a project or model, introducing them into the social environment, searching for the necessary information, cooperation with partners, leadership, monitoring the situation, confirming risks, choosing the best ways and means to solve the problem.*

*The process of conducting scientific research and obtaining the correct conclusions based on the results obtained by pupils and students teaches growing teenagers to be able to strengthen their scientific knowledge and thinking in a logical sequence, relying on sources on the problem of interest to the student and the student inspires and teaches to listen to others, to be able to explain in an accessible way, to conduct scientific research, dialogue, to create an optimal research algorithm.*

***Key words:*** *historical and cultural heritage, «Turkic world», development of patriotic education, dialogue of cultures, research skills.*

Кыргызстандын орто билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучулары жана мугалимдери 2009-жылдан бери түрк тилдүү мамлекеттердин мектеп окуучуларынын жана мугалимдеринин эки жылда бир жолу март айындагы жазгы каникул учурунда өткөрүлүүчү «Түрк дүйнөсү» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияларына (ИТК) катышып келишүүдө.

«Мындай түрк конференцияларын өткөрүү идеясы Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасындагы Верхневилюйск айылында гимназиянын гуманитардык классында тарыхчы, педагогика илимдеринин кандидаты Васильев Николай Иванович тарабынан көтөрүлүп, 1997-жылдан бери үзгүлтүксүз ишке ашырылып келе жатат. Окуучулар Якутиянын тарыхын ийримдик сабактар түрүндө өздөштүрүп, түрктөр ким болгон, Күлтегин жана Тон-Йокук качан жашаган деген ж. б. у. с. суроолорду изилдешүүдө, т. а., тарых жана якуттардын улуттук маданиятынын курсу боюнча мугалимдерди сабактарды андан ары тереңдетүү үчүн стимулдай баштады. Натыйжада, «Чыгыш элдеринин тарыхына жана маданиятына киришүү» деген атайын курс иштелип чыгып, анын программасы бүткүл Саха Республикасына, андан кийин Россия Федерациясына тараган. Ошентип, факультатив педагогикалык инновацияга айланып, Якутиянын чегинен бир топ ары кадам таштады» [2].

2008-жылы Васильев Н. И. Кыргызстанда (Бишкек шаарында) өткөрүлгөн тарыхчы-түрк таануучулардын кезектеги эл аралык симпозиумуна келгенде, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз билим

берүү академиясынын тарых жана коомдук илимдер бөлүмүндө болуп, илимий кызматташтыкты түзүү сунушун айткан. Кыргыз билим берүү академиясынын тарых жана коомдук илимдер бөлүмү менен Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынын Билим берүү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу институтунун ортосунда Илимий кызматташтыкты түзүү ниеттери жөнүндө протоколго (Протокол намерений о налаживании научного сотрудничества) жана Кыргыз билим берүү академиясынын тарых жана коомдук илимдер бөлүмү менен Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасындагы М. А. Алексеев атындагы Верхневилюйск республикалык гимназиясынын ортосунда Мындан ары өз ара аракеттенүү жана тажрыйба алмашуу жөнүндө макулдашууга (Договор по дальнейшему взаимодействию и обмену опытом) кол коюлган.

Натыйжада, 2009-жылдын март айынан баштап кыргызстандык мектеп окуучулары жана мугалимдер Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынан жана башка түрк тилдүү өлкөлөрдөн келген кесиптештери менен биргелешип уюштурулган жалпы орто билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияларына катыша башташты.

2009-жылдын 24–25-мартында Казакстан Республикасынын Алматы шаарындагы Коңур Мандоки атындагы № 154 орто мектебинде өткөн «Түрк дүйнөсү» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясына Бишкек шаарындагы Абдыкерим Сыдыков атындагы № 72 орто мектептин 6-классынын окуучулары Абасбеков Айдарбек жана Дайырбек уулу Дастан, Абдулда Каниметов атындагы № 1-гимназия-интернатынын тарых мугалими Майтыкова Шайыр Кайбылдаевна, Кыргыз билим берүү академиясынын тарых жана коомдук илимдер бөлүмүнүн башчысы Элебесова Айгүл Бейшенакуновна Кыргызстандан барган алгачкы катышуучулар болушкан.




*Жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин «Түрк дүйнөсү» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясына Кыргыз Республикасынан барган алгачкы катышуучулардын сертификаттары. Алматы шаары, 2009-жылдын март айы.*

2011-жылдын 24–26-мартында Бишкек шаарындагы Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук компьютердик гимназияда кезектеги «Түрк дүйнөсү» конференциясы өткөрүлдү. Бул окуучулар менен мугалимдердин, студенттердин жана окумуштуу-педагогдордун биздин өлкөдө алгачкы жолу өткөрүлгөн эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы болду. Темасы «Түрк дүйнөсү: Якутиядан Жер Ортолук деңизине чейин Кыргызстан аркылуу» деп аталды.

Бул таалим-тарбия жана билим берүүчүлүк маанидеги, профилдик багыттагы эл аралык иш-чара окумуштуу-педагогдор Айгүл Бейшенакуновна Элебесованын (Кыргыз Республикасы), Николай Иванович Васильевдин (Россия Федерациясы, Саха (Якут) Республикасы) жана Мурат Мейрбекулы Тастанбековдун (Казакстан Республикасы) демилгелери менен, Кыргыз билим берүү академиясы, Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикалык билим берүү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу институту, Кыргыз Улуттук компьютердик гимназиясы, Саха (Якут) Республикасынын Верхневилюйск улустук билим берүү башкармалыгы тарабынан уюштурулган [2].

Элебесова Айгүл Бейшенакуновна, педагогика илимдернин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын тарых жана коомдук илимдер бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги, 10–11-класстар үчүн «Дүйнө тарыхы» окуу китептеринин автору, КР Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.





Васильев Николай Иванович, педагогика илимдеринин кандидаты, Якутиянын жана Монголиянын Билим берүүсүнүн отличниги, «Якут тарыхы» окуу китебинин автору.

Тастанбеков Мурат Мейрбекулы, тарых илимдернин кандидаты, К. А. Ясави атындагы Казак-Түрк Эл аралык университетинин жалпы тарых кафедрасынын доценти



«Түрк дүйнөсү: Якутиядан Жер Ортолук деңизине чейин Кыргызстан аркылуу» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциянын уюштуруучулары жана ардактуу коноктору: Васильев Н. И., Байболотова Т. Ж. Байсеркеев А. Э., Элебесова А. Б., Оморов А., Байгазиев С. О., Конкобаев К. К. *2011-жылдын 25-марты*







Конференциянын илимий-эксперттик комиссиясы. *2011-жылдын 26-марты.*

Конференциянын идеясы, максаты жана милдети – өсүп-жетилип келе жаткан муундун көңүлүн түрк тилдүү мамлекеттердин тарыхына жана маданиятына буруу жана алардын тарыхый-коом таануучулук кругозорлорун кеңейтүү, окуучуларды жана жаштарды башка элдердин өкүлдөрү менен баарлашуу маданиятына тарбиялоо, башка элдердин жарандык, мекенчилдик жана улуттар аралык достук сезимдерин калыптандыруу, өз элинин тарыхый тамырларына ар-намыстуулук менен сыймыктануу сезимдерин тарбиялоо, ошондой эле кызыкдар, ойчул жана чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин, педагогикалык жана илимий коомчулуктардын ортосундагы интеллектуалдык пикир алышуулар үчүн шарт түзүү, алардын илимий-таанып билүүчүлүк тыгыз байланышын камсыз кылуу, бул талкууга бардык кызыкдар адамдардын бирдей тең укуктуулукта катышуусун уюштуруу. Мына ушундай максаттуу иш-аракеттерге байланыштуу, конференцияда адеп-ахлак, каада-салт жана үрп-адат ченемдери, түрк элдеринин филологиясы жана фольклору, көп маданияттуу билим берүүдөгү маданияттардын диалогу сыяктуу аспектилер козголду.

Түрк тилдүү мамлекеттердин мектеп окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу-педагогдордун «Түрк дүйнөсү: Якутиядан Жер Ортолук деңизине чейин Кыргызстан аркылуу» деген темада биздин өлкөдө алгачкы жолу өткөрүлгөн тарыхый эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясына катышкандар: Сооронкулов Гүлжигит Умарович, доцент, педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары; Тастанбеков Мурат Мейрбекулы, тарых илимдеринин кандидаты, К. А. Ясави атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинин жалпы тарых кафедрасынын доценти; Байгазиев Советбек Орозканович, профессор, филология илимдеринин доктору, Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти; Конкобаев Кадыралы Конкобаевич, профессор, филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ага окутуучусу; Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кызматкерлери; Бишкек шаарынын, Чүй жана Ысык-Көл облустарындагы жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучулары, Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Түркия Республикасынын делегациялары. Бардыгы болуп 62 катышуучу, анын ичинде 46 окуучу.

Жаш түрк таануучулардын бул эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы төмөнкү үч секцияда иш алып барды:

№ 1-секция. Түрк тилдүү элдердин этникалык жана тарыхый байланыштары.

№ 2-секция. Түрк тилдүү элдердин тарыхый өнүгүү жолу.

№ 3-секция. Конференцияга сырттан катышуучулардын илимий макалалары [2].

Эл аралык ИТКда түрк тилдүү мамлекеттердин тарыхый-маданий мурастары, тарыхы, маданияты жана социалдык өнүгүүсү, түрк тилдүү элдердин экономикалык,

маданий жана социалдык мамилелери каралды. Тыныгуу убагында Н. И. Васильевдин «По следам серебряных сосудов» («Күмүш идиштердин изи менен») деген автордук видеофильми көрсөтүлдү. Анда Байкал чөлкөмүн байырлашкан байыркы курыкандардын жаңы археологиялык табылгалары тууралуу баяндалган.

ИТКда 58 доклад угулду. Бул конференциянын өзгөчөлүгү болуп ири түрколог, «Түрк дүйнөсү» эл аралык ИТКларынын негиздөөчүсү, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Васильев Николай Ивановичтин сөзү, Саха (Якут) Республикасынын делегаттарынын адаттан тыш саламдашуусу жана «Байыркы түрктөр жана Улуу Талаа» деген темадагы тегерек столун өткөрүлүшү эсептелди.

ИТКнын конок-катышуучулары жана жеңүүчү жаш изилдөөчүлөр үчүн 24-мартта – «Бишкек шаарынын айланасы – Манас айылы» – «Ата-Бейит» – Бишкек»; 27–28-мартта – «Бишкек – Бурана (Токмок) – Балыкчы – Чоктал (Кыргыз-Түрк лицейи) – Чолпон-Ата («Рух Ордо»)» багыттары боюнча туристтик экскурсиялар уюштурулду.

Ошондон берки 11 жыл аралыгында «Түрк дүйнөсү» багытындагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциялар үзгүлтүксүз өткөрүлүп келүүдө.

2012-жылы апрелде Россия Федерациясынын Алтай Республикасында «Хан Алтай» темасындагы Экинчи түрк таануу туру тоо жолдору боюнча Пазырык дөбөлөрү жана Төөлөс (Телец) көлү аркылуу өтүп, туристтерди Жуңгар, Ойрот тарыхы, Калбак-Таштын байыркы мифтери жана сырдуу петроглифтери менен тааныштырды. Ал эми Алтайдын улуу кудайы «Үкөк ханбийке» менен жолугушуу өзүнүн сырдуу тарыхы менен баарын таң калтырды.

2013-жылы 25–26-мартта Казакстан Республикасынын Түркстан шаарындагы К. А. Ясави атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинде кезектеги «Түрк дүйнөсү: Түркстан жериндеги Курултай» аттуу эл аралык ИТК болуп өттү. Бул конференцияга Кыргызстандан 12 окуучу, 3 мугалим жана 1 окумуштуу катышып, баяндама жасашты [3].





«Түрк дүйнөсү: Түркстан жериндеги Курултай» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын уюштуруучулары жана меймандары менен бирге. *2013 -жылдын 25-марты. Түркстан шаары*

2015-жылы XI кылымдагы улуу окумуштуу-түрк таануучулар Махмуд Кашгари-Барсканинин жана Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына карата түрк тилдүү өлкөлөрдүн жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциялары жогорку окуу жайларынын студенттери жана окутуучулары менен биргеликте өткөрүлдү.

2015-жылдын 23–25-мартында түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу-педагогдорунун «Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл — Аалам Ордосу» темасындагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан Ысык-Көл облустук билим берүү институту жана Каракол шаарындагы Токтогул Сатылганов атындагы облустук лицей-интернаты менен биргеликте лицей-интернатта өткөрүлдү [4].





«Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл — Аалам Ордосу» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын катышуучулары.
*2015 -жылдын 24-марты. Каракол шаары*

ИТКга, жалпысынан, Кыргызстандын Бишкек шаарынан, Ысык-Көл, Чүй, Талас облустарынан, Казакстан Республикасынын Түркстан шаарынан жана Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынан келген 116 катышуучу, анын ичинде 88 окуучу жана 19 мугалим, 4 студент, 4 окумуштуу-педагогдор катышты.

Конференциянын пленардык отуруму башталар алдында Верхневилюйск атындагы республикалык гимназиянын тарых мугалими, орто мектеп үчүн жазылган «Якутия тарыхы» окуу китебинин автору, мектеп окуучуларынын «Түрк дүйнөсү» эл аралык конференциясынын башкы демилгечиси жана уюштуруучусу, мектеп окуучуларынын «Аттила» жайкы лагерлеринин уюштуруучусу, «Аттила» маданий борбору» автономдук коммерциялык эмес уюмунун тең негиздөөчүсү, «Аттила» журналынын башкы редактору жана бардык жаш тарыхчы-изилдөөчүлөрдүн, мугалимдердин жана окумуштуу- педагогдордун жакын досу, педагогика илимдеринин кандидаты Васильев Николай Ивановичти эскерүү мүнөтү болду. Анткени Н. И. Васильев 2015-жылдын 13-февралында Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынын Тил жана жазуу күнүндө өнөкөт оорудан каза болгон эле.

Николай Иванович алыскы тайгадагы өзү туулуп-өскөн Верхневилюйск айылында жашап, иштегенине карабастан, мектеп окуучуларынын жана мугалимдеринин «Түрк дүйнөсү» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияларын Саха (Якут) Республикасында эле эмес, Кыргызстанда (2011-жылы), Казакстанда (2010- жана 2013-жылдары), Алтайда (2012-жылы) жана Монголияда (2014-жылы) да өткөргөн.

Васильев Николай Иванович улуу иштерди жасоо үчүн борбордо жашоонун зарыл эместигин бүткүл өмүрү менен далилдеди. Биз аны ачыктыгы, эмгекчилдиги,

боорукердиги, адилеттүүлүгү үчүн абдан баалайбыз жана урматтайбыз. Николай Иванович биздин конференцияга жигердүү уюштуруучулардын бири жана ардактуу конок катары келип катышууга даярданып жаткан, бирок келбей калды...

2015-жылдын 14–15-августунда Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясы Талас облусунун Талас районундагы Абдылдабек Эсенбеков атындагы орто мектеби менен биргеликте уюштурган жалпы билим берүү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин кезектеги «Түрк дүйнөсү: Кептин көркү — тил, ойдун көркү — сөз» деген темадагы илимий-тажрыйбалык конференциясы Кыргыз улуттук «Манас-Ордо» комплексинде болуп өттү.



«Түрк дүйнөсү: Кептин көркү —тил, ойдун көркү — сөз» конференциясынын катышуучулары. *2015-жылдын 14-августу.*

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан *Тарых жана маданият жылы* деп жарыяланган 2016-жыл билим берүү тармагында орчундуу окуяларга бай болду. Ага «Түрк дүйнөсү» эл аралык конференциясынын уюштуруучулары жана катышуучулары жигердүүлүк менен катышты.

17–19-мартта Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясы Нарын облусунун Кочкор районундагы Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеп менен биргеликте түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окутуучулардын, окумуштуу педагогдордун «Түрк дүйнөсү: Тарыхый-маданий мурастар — элдин көөнөрбөс кенчи» деген темадагы кезектеги эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясын өткөрдү.

Бул эл аралык ИТКга Кыргызстандын Бишкек жана Каракол шаарларынан, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Ош жана Баткен облустарынан, Казакстан Республикасынын Түркстан шаарынан жана Орусия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынан келишкен 98 делегат, анын ичинде 77 окуучу, 16 мугалим, 5 окумуштуу катышты.



«Түрк дүйнөсү: Тарыхый-маданий мурастар — элдин көөнөрбөс кенчи» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын катышуучулары. *2016-жылдын 18 марты.*

Ушул эле Тарых жана маданият жылынын 11–13-августунда жалпы билим берүү мекемелеринин (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин республикалык деңгээлдеги илимий-тажрыйбалык конференциясы «Түрк дүйнөсү: 2016-жыл — урунттуу тарыхый окуялардын жылы» деген темада Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Шүкүрбек Бейшеналиев атындагы орто мектепте өткөрүлдү.

2017-жылдын 24–25-мартында Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарындагы № 4 мектеп-гимназиясында түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу-педагогдордун «Түрк дүйнөсү: Дүйнөлүк көркөм маданият» деген темадагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы болуп өттү.

2018-жылы 5-апрелде И. Арабаев атындагы КМУнун Колледжинин студенттеринин жана окутуучуларынын 2018-жылдын 3–4-мартында өткөрүлгөн «Түрк дүйнөсү: Билим – өнөр булагы» деген темадагы илимий-тажрыйбалык конференциясына жигердүүлүк менен катышып, жогорку деңгээлдеги илимий баяндама жасаган студенттер жана окуучулар үчүн «Билим Ордо» коомдук-интеллектуалдык фонду тарабынан уюштурулган жыйынтыктоочу Тегерек стол болду.

Тегерек столдо жогорку деңгээлде даярдалган илимий баяндамалары үчүн 15 катышуучуга «Билим Ордо» коомдук-интеллектуалдык фондунун дипломдору жана медалдары тапшырылды. Ошондой эле алар Казакстан Республикасынын Түркстан шаарындагы Кожо Акмат Ясави атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинде өткөрүлө турган «Түркі әлемі: Тарихи терең Түркістан» деген темадагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияга катышууга жолдомо алышты.

2018-жылдын 11-12-майында кыргызстандык студенттер жана окуучулар, окутуучулар жана мугалимдер Казакстан Республикасынын Түркстан шаарындагы Кожо Акмат Ясави атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинде «Түркі әлемі: Тарихи терең Түркістан» деген темада өткөрүлгөн эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияга катышып келишти. Эл аралык ИТК Казакстан Республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаевдин «Болашаққа бағдар: рухани жаңғыру» аттуу программасына ылайык өткөрүлдү. Бул эл аралык ИТКга 2018-жылдын 3–4-мартында И. Арабаев атындагы КМУнун Колледжинин студенттеринин жана окутуучуларынын «Түрк дүйнөсү: Билим — өнөр булагы» деген темада өткөрүлгөн ИТКсынын II турунун жыйынтыгы боюнча «Билим Ордо» коомдук- интеллектуалдык фондунун дипломуна жана «Мен — изилдөөчүмүн!» медалына татыктуу болгон студенттер жана окуучулар катышышты [5].





«Түркі әлемі: Тарихи терең Түркістан» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын катышуучулары. *2018-жылдын 12-майы. Түркстан шаары.*

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту тарабынан «Билим Ордо» коомдук-интеллектуалдык фонду, Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз райондук билим берүү бөлүмү жана Эшмамбет Кендирбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби менен биргеликте уюштурулган түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы орто билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу педагогдордун «Түрк дүйнөсү: Махмуд Кашгари-Барскани — даанышман түрк таануучу жана көрүнүктүү энциклопедиячы» деген темадагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы 9–10-сентябрда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Эшмамбет Кендирбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде өттү.

Эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциянын ишине Түркия Республикасынан, Казакстан Республикасынан, Россия Федерациясынан, Украинадан жана Бельгиядан, ошондой эле Кыргызстандан окуучулар жана мугалимдер, студенттер жана окумуштуу- педагогдор, окумуштуу-тарыхчылар катышты. Эл аралык илимий-тажрыйбалык конференция оффлайн, онлайн жана видеожазма форматтарында өткөрүлдү.

Конференциянын пленардык отурумунда жана тийиштүү секцияларында белгилүү окумуштуу жана жаратман атуулдар: Кашгари-Барскани таануучу, тарых илимдеринин доктору, профессор Чоротегин Тынчтыкбек Кадырмамбетовичтин («Махмуд Кашгари-Барсканинин эмгеги — көөнөргүс булак» ж. б. монографиялардын автору) жана илимий сүрөткер художник Ибрагим Бакировдун видеокайрылуулары көрсөтүлдү, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Табалдыев Кубатбек Шакиевичтин 2 илимий баяндамасы, Түркия Республикасынын Адана шаарындагы Чукурова университетинин улук окутуучусу, доктор Хүснү Чагдаш Арсландын 3 илимий баяндамасы угулду. ИТКнын пленардык отурумунда жана секцияларында, жалпысынан, 32 илимий баяндама угулду.

Бельгияда жашаган Ибрагим Бакировдун даңазалуу бабабыз Махмуд Кашгари-Барсканинин — орто кылымдардагы кыргыз окумуштуусунун — элесинин шарттуу түстүү сүрөтүн көргөндө жана баяндамасын укканда, катышуучулардын баары тең кубатташып, дүркүрөтө кол чаап жиберишти.





Бул эл аралык ИТКга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары, филология илимдеринин кандидаты Абдраева Айгүл

Төлөковна катышып, конференциянын катышуучулары менен Махмуд Кашгари-Барсканинин өмүр жолу жана көөнөрбөс залкар эмгеги тууралуу ой бөлүштү.

«Түрк дүйнөсү: Махмуд Кашгари-Барскани — даанышман түрк таануучу жана көрүнүктүү энциклопедиячы» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын катышуучулары. *2021-жылдын 10-сентябры, Барскоон айылы.*

**Адабияттар:**

1. Васильев Н. И. Увлекательная тюркология: Опыт преподавания тюркологии в Верхневилюйской республиканской гимназии. -Якутск, 2005. -36 с.
2. «Түрк дүйнөсү: Якутиядан тартып Жер Ортолук деңизинин жээктерине чейин Кыргызстан аркылуу» / «Тюркский мир: от Якутии до Средиземного моря через Кыргызстан»: эл аралык түркол. илимий-прак. конф. материалдары / Түзүүчүлөр: А. Б. Элебесова, Н. И. Васильев, М. М. Тастанбеков. - Бишкек: «Айгөлөк», 2013. -368 б.
3. «Түркі әлемі: Түркістан жеріндегі құрылтай» атты Халықаралық ғылыми-практикалық конференция материалдары. - Түркістан: А.Ясауи атындағы халықаралық қазақ-түрік университеті, 2013. -650 б.
4. Түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, окумуштуу-педагогдордун «Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл – Аалам Ордосу» деген темадагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын программасы / Программа международной научно-практической конференции учащихся и учителей общеобразовательных учреждений (школ, гимназий, лицеев), учёных-педагогов тюркоязычных государств по теме «Тюркский мир: Иссык-Куль – Орда Вселенной». - Бишкек, 2015. - 28 б.
5. Түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, окумуштуу-педагогдордун «Түрк дүйнөсү: тарыхый-маданий мурастар – элдин көөнөрбөс кенчи» деген темадагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын программасы / Программа международной научно-практической конференции учащихся и учителей общеобразовательных учреждений (школ, гимназий, лицеев), учёных-педагогов тюркоязычных государств по теме «Тюркский мир: историко-культурное наследие – неисчерпаемое богатство народа». - Бишкек, 2016. - 20 б.
6. Элебесова А. Б. Адамды маданияттуулукка тарбиялоо системасынын культурологиялык негиздери. // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. - 2010. - № 4 (16). - 21–26-бб.
7. Элебесова А. Б. Тарыхый-коом таануучулук билимдер боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө көнүктүрүү технологияларын колдонуу менен инсанга багыттап окутуу. // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. - 2015. - № 3 (35). Атайын чыгарылыш. - 302–308-бб.
8. https://bilimordo.com/.

УДК: 37.01

*Заурбекова Н. Д., канд. техн. наук, и.о. ассоц. профессора*
*Тасболат Г., магистрант*
*Казахский национальный женский*
*педагогический университет,*
*Казахстан*